**АГАГЕЛДИ АЛЛАНАЗАР**

# БАЛА МЕКЕИ ТОП

*(Ырлар)*



Бишкек
Неширят "Абасбек"
2016

UOK 894.361
A.48

A. Алланазар. Бала мекеи топ (Ырлар). Бишкек Неширят "Абасбек" - 2016

В этот сборник “Бала мекеи топ” туркменского поэта Агагельды Алланазара вошли его стихи в разные годы были напечатаны и переведены на кыргызском языке и опубликованы в газетах-журналах и в общих сборниках “КУНЧУБАК-ЫНТЫМАК” 1978-1980 годах.

© А. Алланазар



# *Бала мекеи топ*

Чындык экен болгону,
Бир баланын бир тобу.
Өмүр бою үргүлеп
Уйкудан көз ачпаптыр.
Тобун такыр унутуп
Томолонтуп таштаптыр.

Топтун аты Күн экен —
Атын жүрөт жашырып.
Асманга учуп кетиптир,
Ак булутка жашынып.

Ошентип топ — Күн таарынып,
Учуп кетет асманга.
Кайра жерге түшпөстөн
Кала берет асманда.

**Которгон Жалил Садыков.**



# *Мен чоңойдум*

Атам колхоз малчысы
Жүрөт элсиз талаада,
Кой кайтарат көөнү шат
Дайым таза авада.

Айры өркөчтүү төөсү бар,
Ээрчип жүрет артынан.
Атам ага суу жүктөйт,
Суунун катаал шартынан.

Кечээ күнү атакем,
Үйгө келди алыстан.
— Кичекейсиң— деп койду,
— Ала кет — деп жабышсам.

Кантип ылдам чоңоём,
Өзүн тартып атамын?
Чоң керүнүп жүрбөйүн,
Кийсем койчу бапагын.

Окшосом деп атама,
Бапак кийип башыма
Кандай болдум экен деп
Бардым күзгү кашына.

Өтүк кийип бутума,
Таяк алдым колума,
Ата, мына, чоңойдум,
Түшем сенин жолуңа!

**Которгон Жалил Садыков.**



# *Түн*

Түн берилеп келатат,
Тоодон ылдый карара.
Кучак жайды акырын
Көз жетпеген талаага.

Жетип келди мынакей
Суу жээгине — агылган.
Ар кай жерден жылт этип,
От көрүнөт жагылган.

Кара түндө, түлкүнүн
Казган ийни көрүнбөй,

Кап-караңгы, жадаса,
Үйлер, үйдөн белүнбөй.

Куру калаар нерсе жок,
Түн койнуна чөмүлбөй.
Бактар кара, куштар да,
Карайышат көмүрдөй.

Мына, мына ушул түн,
Үйдүн ичин каптады.
Керебетке мен жатсам
Уйкум келе баштады.

**Которгон Жалил Садыков.**



# *Менин суроом*

Мен төшөктөн турaарда,
Ойлор кылат алагды:
Күн эмнеге жап-жарык,
Түн эмнеге караңгы?

Апам менен чоң энем
Качан, кайдан жаралган?
Күлүп калат экөө тен,
Сурап көрсөм алардан.

Дагы, мени бир суроо,
Кыйнап жүрөт атайын:
Куштар учат,

Эмне үчүн,
Учпайт менин такайым?

Байкап көрсөм, төшектөн
Тураарымда, азыр да,
Толгон-токой суроолор,
Жүрөт менин башымда.

**Которгон Жалил Садыков.**



# *Бакыт*

Бакыт деген эмине?
Билсең айтчы анда сен?
Колу, буту жана да
Баскан изи бар бекен?

Балким бакыт кар чыгаар
Аппак жааган түндөсүн.
Балким бакыт, эң күлүк
Жейрен болуп жүрбөсүн?

Очок чыгаар, от чыгаар,
Бышчуу тамак ширини?

Апам болсо бакыт деп
Эркелетет иними.

Балким, бакыт, сом балык
Суу түбүнө жашынган?
Балким бакыт, крокодил,
Кинолордо тартылган?

Барбы баскан дабышы?
Балким, бакыт, чоң жолдур,
Биздин үйгө баруучу?

**Которгон Жалил Садыков.**



# *Чоң энемдин айнеги*

Көз айнеги энемдин,
Томпок жана тегерек,
Тагып көрсөң көзүңө,
Бир өзүнчө керемет.

Мен тагынып көзүмө,
Кызык болдум жанатан,
Каздан да чоң көрүнөт,
Чымчыктарды карасам.

Кумурсканы тиктесем,
Эшек өңдүү сезилет.

Мингим келип үстүнө
Күлүп боорум эзилет.

Чычкан чуркап баратса,
Чочуйм каман беле деп,
Чоң энемдин айнеги
Айнек эмес керемет.

**Которгон Жалил Садыков.**



# *Менин санатым*

Кечке жакын уйлар чубап баратат,
«Жакшы болмок - деп ойлоном - санасак»
Колду жумуп санап кирем четинен,
Бирден баштайм, ашпайт саным жетиден.

Кээде сегиз, бирок андан аркысын
Таппай койдум, чыгып кетип эсимен.
Уйлар болсо чубап барат арылап,
Кайра баштан санаш керек жаңылап.

Кайда кеткен сегиз сандан ар жагы,
Калган уйдун саны кайдан табылат?
Мен апаман сурайынчы жардамды,
Билиш керек окшойт калган сандарды!

**Которгон Жалил Садыков.**





# *Кайын класс*

Сүйлөшөт Ильяс эжеси менен:
«Бешнннчи класста окусам» деген.
«Алтынчыга алпарса мени,
Анын болсо опоңой дегн.

Жетннчнге.. айтсаң ачык,
Эжейге барсаң шашып.
Уккан элем ушул ырас,
Өтө кыйын бнрнннчн класс».

**Которгон Сулайман Маймулов**



# *Ташбака*

— Ай, ай, ташбака, ташбака,
Таӊ калба, минтип турганга.
Араӊ басып жүрөсүӊ,
Жарасаӊ жылкы бурганга.

— Мен билбеймин камчыӊы,
Куйрук жок аттай не кылам.
Вергенде бир тал кылчаны,
Ашаар элем баарынан.

**Которгон Сулайман Маймулов**



# *Кар жааган күнү*

Бурганак уруп жаап турат,
Чүмкөп коюп жер бетин.
Шейшебин жаба умтулат,
Көрсөтпөй чымчым келбетин.

Эшектер улам титирейт,
Үстүнө аяз жамының
Үймөк карлар күтүрөп
Бак-шак сөйкө тагынып.

Ошо карда ойносом,
Аппак бала болормун.

Тозоң жарды. бойлосом,
Чыны менен оңормун.

Маңдайдан жанып жылдызым,
Баатырдай көзүм чачырар.
Бетимде ойноп кырмызың,
Борпоңдукту качырар.

**Которгон Сулайман Маймулов**



# *Бийикмин*

Айланта тоону көрөмүнг
Заңкаят төшү, учтары.
Көргөзмөгө беремин —
Терилет чөбү, таштары.

Байлыгы калбайт унутта,
Басып өтөм зоолордон,
Төбөм тиер булутка
Бийик болуп тоолордон.

**Которгон Сулайман Маймулов**



# *Шамал*

Ызылдап болбойт,
Баш бербей качканга.
Жалбырак ойнойт,
Көкөлөп асманга.

Бактарың дүрүлдөйт,
Чайкала термелип.
Канаттуу чурулдаит,
Ызы-чуу теңденип.

**Которгон Акун Аширов**



# *Ай*

Күн батканда ай чыгып,
Уктабай таӊ атырат.
Учуп келет куш болуп,
Нуру жерге чачырап.

Уктап жатса ысык чөл,
Ай алдында жашынып,
Айылдан бир үн угулат.
Кычырап эшик ачылып.

Ак куу болуп ак булут
Айды алып баратат.

Жаркыратып дайраны
Жарык нурун таратат.

Айлана Оүт мемиреп
Жапырт уктап калыптыр.
Акыр тоону жазданып,
Ай да жатып алыптыр.

**Которгон Акун Аширов**



# *Деңизде*

Ана кайык,
Барат сүзүп.
Жалды жайык,
Улам түзүп.

Жолу белен,
Ниэтим менин.
Кууйт кенен,
Көктүн денин.

Кайык-бир ат,
Канат-күрөк.
Толкун улап
Жаттым күрөп.

**Которгон Акун Аширов**





# *Көңүлдүү математика*

Бада келсе карайбыз
Баарын бирден санайбыз.
Манча менен эсептеш:
Бнр, эки, үч... үч, төрт, беш,
Алты, жети, сегиз... деп,
Чыга албайбыз эсептеп.

Токто, уйлар токтогун,
Биз санайлык коркпогун!
Канчасыңар? Айткыла?
Бир, эки, үч... Үч, төрт, беш...
Энемден сурап келбесем,
Кыйын экен эсептеш.

**Которгон Акун Аширов**



# *Күндүн кемеси*

Түркмөнстан — күндүн кемеси,
Тынбай алга жылган элеси.
Ак булуттар артта калышкан,
Кол булгашат, кош деп алыстан.

Ошол кеме — жемишин берет,
Завод тынчтык чылымын чегет.
Мунаралар боюн тирешет,
Алар бизге нефти беришет.

Килемдерин көрсөң миң порум,
Кара Кумдун жазындай сонун
Үйүп койгон аппак пахтасы,
Бийиктиги тоонун аскасы.

Кеме сүзөт кылаадагы кырмызы,
Жер жүрөгү Москанын жылдызы.

**Которгон Акун Аширов**



# *Жамгыр*

Далайга буулугуп,
Жамгыр жаабады.
Жердеги жүргөн,
Бизге даабады.

Кайратын чогултуп,
Кароолго алды.
Кимге билбеймин,
Таарынып калды.

Аңгыча, куйду эле,
Жоголдук житип.
Биз качтык, ал кууду
Тургансып күтүп.

**Которгон Акун Аширов**



# *Жардамчы*

Газель деген таза кыз
Чаӊ жугузбайт колуна.
Такыр башка агасы
Анын түшпейт жолуна.
Агасынын дептерин
Ача салып караса,
Үч жүз элүү так турат,
Бир-бирине жанаша.
Мискейде самын көбүрүп
Буурakандап алыптыр:
Газелдин дептер жууганын
Агасы билбей калыптыр.
Көрөр замат агасы —
Жуугун дедим беле — Дейт,
Улутунуп, умсунуп: —
Керектүү так эле — дейт.

**Которгон Акун Аширов**



## *Бердинин шамал коркутканы*

Шуулдабагын шамалым,
Күчүгүмдү ойготпой,
Мылтыгы бар агамын
Атып салат ой-ой-ой.

Токойдо чөөнүн чоңдугу,
Аттай болот деп коёт.
Сен тилимди албасаң
Алар сени жеп коет.

**Которгон Акун Аширов**

# Агагелди Алланазар

Агагелди Алланазар 1948-жылы Түркмөнстандын Тахта-Базар районуна караштуу Маручак айлында төрөлгөн. Орто мектептин 8-классын бүтүрүп, Мары педагогиялык окуу жайына кирип, аны бүтүргөндөн кийин мугалим болуп иштейт, андан Советтик Армиянын катарына чакырылат. 1976-жылы Москвадагы А. М. Горький атындагы Адабият институтун бүтүрүп чыгат.

«Пионерекая правда», «Мурзилка», «Веселые картинки» газет-журналдарынын беттерине бир топ ыр-лары жарыяланат. Анын «Күндүн үйү» деген бирин-чи ырлар жыйнагы 1977-жылы басылып чыгат.

Азыр Ашхабаддагы «Магарыф» басмасы менен Москвадагы «Малыш» басмасы түркмөн тилинде «Со-нун ат», орус тилинде «Ойно чоорум» аттуу китепте-рин басууга даярдап жатышат.

Азыркы кезде Агагелди «Түркмөнстан» басмасын-да редактор болуп иштейт.

# Мазмуну

Бала мекеи топ *(которгон Жалил Садыков)* .................... 3
Мен чоңойдум *(которгон Жалил Садыков)* .................... 4
Түн *(которгон Жалил Садыков)* .................................... 6
Менин суроом *(которгон Жалил Садыков)* .................... 8
Бакыт *(которгон Жалил Садыков)* ................................ 10
Чоң энемдин айнеги *(которгон Жалил Садыков)* .......... 12
Менин санатым *(которгон Жалил Садыков)*..................... 14
Кайын класс *(которгон Сулайман Маймулов)* ............... 16
Ташбака *(которгон Сулайман Маймулов)* ...................... 17
Кар жааган күнү *(которгон Сулайман Маймулов)* ........ 18
Бийикмин *(которгон Сулайман Маймулов)* .................... 20
Шамал (*которгон Акун Аширов)* .................................. 21
Ай (*которгон Акун Аширов)* ........................................... 22
Деңизде (*которгон Акун Аширов)*.................................. 24
Көңүлдүү математика (*которгон Акун Аширов)* ............ 26
Күндүн кемеси (*которгон Акун Аширов)* ....................... 27
Жамгыр (*которгон Акун Аширов)* ................................. 28
Жардамчы (*которгон Акун Аширов)* ............................. 29
Бердинин шамал коркутканы (*которгон А.Аширов)* ..... 30